DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 12, 2020

*Сулайманова Р.Т.*

# КЫРГЫЗСТАНДЫН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮ ШАРТЫНДА ЗАМАНБАП МУГАЛИМГЕ КОЮЛУУЧУ ТАЛАПТАР

*Сулайманова Р.Т.*

# ТРЕБОВАНИЯ К СОВРЕМЕННОМУ УЧИТЕЛЮ В УСЛОВИЯХ СОЦИАЛЬНО-ЭКОНОМИЧЕСКОГО РАЗВИТИЯ КЫРГЫЗСТАНА

*R.T. Sulaimanova*

# REQUIREMENTS FOR A MODERN TEACHER IN THE CONDITIONS OF SOCIAL AND ECONOMIC DEVELOPMENT OF KYRGYZSTAN

*УДК: 378.2(575.2)(04)*

*Кыргызстандын социалдык-экономикалык, санариптик өнүгүүсүндөгү бирден бир негизги кыймылдаткыч күч бул билим берүү системасы болуп саналат. Себеби өлкөбүздөгү калктын төрттөн бир бөлүгүнүн билим берүү тармагына катыштыгы бар. Албетте мында мугалимдин орду өзгөчө экендиги талашсыз. Ал эми педагогдун азыркы коомдун өнүгүшүндөгү ролу анын замандын талабына ылайык даярдалышынан көз каранды. Ушуга ылайык макалада заманбап мугалимге коюлуучу талаптарды аныктоо максаты коюлду. Ага ылайык изилдөөнүн жүрүшүндө төмөнкү милдеттер чечилди: "заманбап мугалим" түшүнүгүнө талдоо жүргүзүү; заманбап мугалимге коюлуучу талаптарды аныктоо менен педагогикалык билим берүүнү модернизациялоодо алардын ордун көрсөтүү. Изилдөөнүн натыйжасында мугалимге коюлуучу негизги талап бөлүп каралды. Изилдөөнүн жыйынтыктары педагогикалык адистерди даярдоо системасынын стратегиялык максаттарын аныктоого таяныч материал боло алат.*

***Негизги сөздөр:*** *мугалим, заманбап мугалим, кесиптик талаптар, педагогикалык билим берүү, модернизация, кесипти модернизациялоо, компетенттүүлүк мамиле.*

*Система образования является одной из основных движущих сил в социально-экономическом, цифровом развитии Кыргызстана. Ведь четверть населения нашей страны составляют лица, имеющие отношение к сфере образования. Следовательно роль учителя в развитии современного общества является очень важной, которая зависит с его подготовленностью в соответствии с требованиями времени. Исходя из этого в статье поставлена цель определить требования, предъявляемые к современному учителю. В соответствии с этим в ходе исследования были решены следующие задачи: проведен анализ понятия "современный учитель"; определены требования, предъявляемые к современному учителю и указаны их место в модернизации педагогического образования. В результате исследования выделены основные требования, предъявляемые к учителю. Результаты исследования могут служить опорным материалом для определения стратегических целей системы подготовки педагогических кадров.*

***Ключевые слова:*** *учитель, современный учитель, профессиональные требования, педагогическое образование, модернизация, модернизация профессии, компетентностный подход.*

*The education system is one of the main driving forces in the socio-economic and digital development of Kyrgyzstan. After all, a quarter of the population of our country is made up of people related to the field of education. Therefore, the role of the teacher in the development of modern society is very important, which depends on his training in accordance with the requirements of the time. Based on this, the article aims to determine the requirements for a modern teacher.. In accordance with this, the following tasks were solved in the course of the study: the concept of "modern teacher" was analyzed; the requirements for a modern teacher were determined and their place in the modernization of pedagogical education was indicated. As a result of the study, the main requirements for a teacher are identified. The results of the study can serve as a reference material for determining the strategic goals of the system of teacher training.*

***Key words:*** *teacher, modern teacher, professional requirements, teacher education, modernization, modernization of the profession, competence approach.*

Мугалимди даярдоо маселеси жогорку педагогикалык билим берүүнүн калыптануу жана өнүгүүсүндөгү негизги изилдөө предмети болуп эсептелет. Ушуга ылайык аталган макала бир катар чет элдик жана ата-мекендик изилдөөлөрдүн алкагында азыркы мектептердеги мугалимдин орду, анын инсандык касиеттери жана кесиптик чеберчилигине коюлуучу талаптар, ошондой эле буга ылайык жогорку окуу жай-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



лардагы заманбап педагогикалык адистерди даярдоону модернизациялоонун айрым маселелерин иликтөөгө арналды.

Педагогикалык теория менен практикада мугалимдин адистик деңгээлин жогорулатуу маселеси олуттуу мааниге ээ. Кыргызстандын социалдык-экономикалык өнүгүүсүндөгү бирден бир негизги кыймылдаткыч күч бул билим берүү системасы болуп саналат. Анткени, окуу-тарбия иштеринин сапатын жакшыртуу, биринчи кезекте, педагогикалык чеберчиликти калыптандыруу, ошондой эле болочок мугалимдердин инсандык жана кесиптик компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүгө көз каранды. “Бүгүн билим берүү мекемесинин негизги милдети катары: дайыма жүрүп турган техникалык өсүү шартында жемиштүү эмгектенүүгө жөндөмдүү, жогорку маданияттуу жана гумандуу, гармониялуу өнүгүүгө жана кеңири тармактуу билимге, өз алдынчалыкка, азыркы өнүккөн коомдо ийгиликтүү жашоого мүмкүнчүлүк түзө билген сапаттардын комплексине ээ болгон жаңы типтеги педагогду калыптандыруу жана өстүрүү эсептелет” [1] (ушул жана мындан аркы котормолор биздики).

Педагогикалык билим берүүнү модернизациялоо маселеси тууралуу Э.М. Мамбетакунов, Н.А.Асипова, А.Т. Калдыбаева сыяктуу ата-мекендик педагог-окумуштуулардын пикиринде азыркы ааламдашуу, технологиялашуу, аралыктан окутуу шартында педагогикалык кесипке болгон талаптардын күчөтүлгөндүгүн, кесипке карата жаңыча мамиленин келип чыккандыгын көрсөтүшкөн. Заманбап мугалим тууралуу сөз кылууда, анын педагогдук чеберчилиги тууралуу түшүнүк алдыңкы планга чыкпай койбойт. И.Б. Бекбоевдин аныктоосу боюнча: «Өз кесибин өтө мыкты билген эн тажрыйбалуу кызматчы чебер болуп эсептелет» [2, 39-б.] деп чеберчилик түшүнүгүнө мүнөздөмө берилсе, окумуштуулар Б. Апыш, Д. Бабаев, Т.Жоробеков ж.б. педагогикалык чеберчиликти кесипкөйлүк иш-аракеттин, өзүн-өзү уюштуруунун жогорку деңгээлин камсыз кылган инсандык касиеттердин комплекси катары аныкташат [6, 130-131-бб.].

Илимий-педагогикалык адабияттарга талдоо жүргүзүүнүн жана азыркы социалдык-экономикалык шарттарды эске алуу менен педагогикалык билим берүүнү модернизациялоонун фактору катары заманбап мугалимге коюлуучу талаптар катары төмөнкүлөр аныкталды:

Биринчиден, Н.А. Асипованын пикиринде «мугалимдин инсандык жана адистик жактан калыптануу ишмердүүлүгүндө анын *окуучуга педагогикалык колдоо көрсөтүүгө* даярдыгынын болуусу керектиги көрсөтүлөт» [3, 44-б.]. Мугалим менен окуучунун өз ара аракеттешүү процессинде алардын ортосунда тажрыйба, билим, дүйнө таанымдык көз караштары менен алмашуу жүрүп, педагог тарабынан тарбиялануучуну инсандык жактан да калыптандыруу аракети жасалат.

Мындан, болочок мугалимдин өзүнүн окуучулары менен өз ара жемиштүү аракетешүүсүнө, кызматташууга, аларга ар тараптуу көмөк жана колдоо көрсөтүүгө карата инсандык жана адистик жактан даярдыгын калыптандыруу, педагогикалык билим берүүнүн эң маанилүү милдеттеринин бири болуу менен заманбап педагогикалык окуу жайдын бүтүрүүчүсүнүн жалпы жана кесиптик маданиятынын белгиси болгон коммуникативдик компетенттүүлүгүнүн базалык критерийи болуп каларын белгилөөгө болот.

Экинчиден, педагогикалык ишмердүүлүктүн *этикалык жагдайын ишке ашырууга мугалимди даярдоо* маанилүү жагдайы катары көрсөтүүгө болот.

Педагогдун ишмердүүлүгүндө этикалык нормаларды кармануу кесиптик эң башкы талаптардын бири болуп саналат. Бул талаптын маанилүүлүгү педагогикалык кесиптин өзүнүн: маданияттуулукту, адептик баалуулуктарды алып жүрүүчү үлгү, ага карата түздөнүүнүн эталону катары мугалимдин окуучунун инсандык жактан калыптануусуна, анын андан аркы турмуштук жолуна таасир эте алуу спецификасынан келип чыгат. Андыктан, маданияттын транслятору катары мугалимдин ар бир сөзү, аракети, педагогикалык кырдаалды чечүүдөгү альтернативдүү ыкмалардын арасынан жасалган анын тандоосу дайыма эң биринчи кезекте алар жашап жаткан коомдогу этикалык нормаларга жана баалуулуктарга ылайыкталышы зарыл [3, 116-124-бб.].

Ошону менен бирге эле педагогикалык ишмердүүлүктүн маанилүү атрибуту катары мугалимдин социалдык ролу жана кесиптик статусу менен аныкталган анын өзгөчө бийлик жүргүзүү, үстөмдүк кылуу укуктарынын бар экендигин белгилеп кетүү керек. Буга байланыштуу педагогикалык жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүнүн антын даярдоо жана аны өз ишмердүүлүгүнө киришүүдө бердирүүнүн зарылдыгын көрсөткөн суроо өз актуалдуулугун бүгүнкү күндө жоготкон жок [4].

Жогоруда белгиленген ой корутундуларынан болочок мугалимде педагогикалык ишмердүүлүктүн негизги мазмунуна жооп берген, өзүнүн окуучулары үчүн моралдык устаттын, үлгүнүн, адептик эталондун миссиясын ишке ашыруунун шарты катары кесиптик-этикалык компетенттүүлүктү калыптандыруунун зарылдыгы тууралуу жыйынтык чыгарууга болот.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



Үчүнчүдөн, окуучулар үчүн эффективдүү болгон мугалимдин *маалыматтык баалуулугунун* деңгээлин көрсөткөн анын кесиптик ишмердүүлүгүндөгү маанилүү факторду белгилеп айтуу керек [5, 79-б.]. Аталган фактор азыркы компьютердик технологиялар доорунда өзгөчө актуалдуулукка ээ болууда. Анткени мугалим бүгүн окуучулар үчүн негизги маалымат булагы боло албай калгандыгы талашсыз. Бул нерсе мугалимдин кесиптик функцияларын ишке ашыруудагы приоритеттердин алмашуусуна алып келди. Анын негизги милдеттеринин бири катары окуучуларга билимди өткөрүп берүү эмес, аларга керектүү маалыматты издөөгө, туура маалыматты иргеп алуу билгичтиктерин калыптандырууга, маалыматтын ишенимдүүлүгүн, алынган билимдин практикада колдоно билүүгө үйрөтүү, башкача айтканда, "үйрөнүүгө үйрөтүү" маселеси актуалдашты десек болот. «Окуучу бул ичин толтуруп коюучу идиш эмес, ал тутантуучу шам чырак» демекчи, мындан кесиптик жактан даярдоо процессинде негизги көңүлдү кеңири предметтик билимди калыптандыруу принцибинен маалыматты сапаттуу жана сандык жактан туура тандап алуу, системалаштыруу, ишенимдүүлүк деңгээлин аныктоо технологияларын окутууга алмаштыруу зарылдыгы келип чыгат.

Төртүнчүдөн, мугалимдин маанилүү кесиптик сапаттары катары анын *эмпатияга жана рефлексияга жөндөмдүүлүгүн* белгилөөгө болот [5, 175-б.]. Эмпатияга карата болгон жөндөмдүүлүк педагогикалык кесиптин гуманисттик маңызына жооп берип, мугалимдин тарбиялануучуну түшүнүүгө, анын көйгөйүнө кошо аралашууга даярдыгын мүнөздөө менен, аны менен конструктивдүү өз ара аракеттешүүнүн, ага педагогикалык колдоо көрсөтүүнүн зарыл шарты болуп саналат. Мугалимдин кесиптик ийгилигиндеги басым жасоочу кырдаал катары анын рефлексияга жөндөмдүүлүгүн эсептөөгө болот. Өзүнүн жеке ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарына, кызыкчылыктарына, жүрүш-турушуна, кабыл алган чечимдерине, кетирилген катачылыктарына талдоо жүргүзүү анын педагогикалык тажрыйбаны топтоосуна, кесиптик жактан калыптануусуна жана өнүгүүсүнө негиз боло алат. Буга байланыштуу болочок мугалимдерди кесиптик педагогикалык жактан даярдоо процессинде эмпатияга жана рефлексияга карата жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү өзгөчө мааниге ээ болот.

Бешинчиден, мугалимдин эн маанилүү социалдык функциясы катары *маданиятты өткөрүп берүүчүлүк* сапатын белгилеп кетүү зарыл. Мугалим маданият менен үйрөнүп жаткан субъекттин ортосундагы медиатордун миссиясын ишке ашырат [3, 116-б.]. Мындай иш-аракетке карата болочок мугалимдин тиешелүү даярдыгын калыптандыруу анын кесиптик билим алуусундагы жана инсандык өнүгүүсүндөгү маанилүү милдет болуп саналары шексиз. Себеби ал педагогикалык билим берүү мейкиндигиндеги студент менен педагогикалык реалдуулуктун ортосунда боло турган көрүнүш.

Алтынчыдан, заманбап педагогикалык билим берүүнү жакшыртуунун өзгөчөлүгү катары *болочок мугалимдин кесиптик педагогикалык ишмердүүлүккө карата чыгармачылык мамилесин калыптандырууга багытталышын* белгилөөгө болот [5, 111-б.]. Педагогдун чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн негизги максаты катары тарбиялануучуда идеалдуу тарбиялоо көз карашына жооп бере алган жаны позитивдүү өзгөрүүлөрдүн демилгелениши саналат. Мындай максатка жетүү жолунда педагог алдыга маселелерди коюу менен аларды чечип, педагогикалык кырдаалдарды талдап, аныкталган шарттардагы көбүрөөк натыйжалуу деп эсептелген ишмердүүлүк ыкмаларын тандап, аларды модификациялоо аркылуу буга чейин белгилүү болгон форма, метод, каражаттар менен айкалыштырып жана зарылдыгына жараша жаңыларын колдонуу менен, келечексиз, натыйжасыз аракеттерден арылат.

Жетинчиден, педагогикалык билим берүүнү модернизациялоо аспектисинде *мугалимдин кесиптик жан дүйнөсү* абдан маанилүү деп көрсөтүлөт (Б.З. Вульфов). *Мугалимдин кесиптик жан дүйнөсү анын чебер аткаруучулук жөндөмүнүн аркасында өзүнүн адамдык сапаттарын максималдуу ачып көрсөтүшү катары сыпатталат.* Мугалимдин ишмердүүлүгүндөгү инсандык жана кесиптик касиеттердин жуурулушун күбөлөндүргөн абалдын жогорудагыдай келтирилген аныктамасы студентти бийик гуманисттик баалуулуктарга туруктуу багыт алган инсан катары даярдоо процессин моделдөөнүн жана анын мазмунун калыптандыруунун өтө маанилүү негиздемеси катары кароого мүмкүнчүлүк түзөт.

Педагогикалык билим берүүнү модернизациялоо иши мугалимдин социалдык баалуулук жана кесиптик баалуулук миссиясын чагылдырган анын кесиптик жан дүйнөсүнүн уникалдуулугун эсепке алуу менен жүргүзүлгөндө гана ишке ашат.

Сегизинчиден, *мугалимдин* азыркы билим берүү процессинде эффективдүү жыйынтыктарга жетүүсүнүн негизги факторлору катары *инновациялык программаларды,* азыркы маалыматтык технологияларды *иштеп чыгууга жана ишке ашырууга багыт алышы саналат* [13, 310-б.]. "Санариптик келечек билим берүү системасынын алдына санарип чөйрөсүндө

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



натыйжалуу иштей ала турган жана андан ары өнүктүрө ала турган адистерди даярдоо маселелерин көтөрөт. ЖОЖдордун алдында бүтүрүүчүлөрдүн жаңы шарттарга ылайыкташуу жана инновациялык методдор менен жаңы технологияларды практикага киргизүү зарылчылыгы маселелери турат" [6; 7]. Демек, педагог тарабынан инновациялык технологиялардын колдонулушу анын пайдаланган дидактикалык методдорунун жана каражаттарынын диапазонун кеңейтип, окутуунун принциптерин комплекстүү ишке ашырууга, окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн, конкреттүү педагогикалык кырдаалдын спецификасын эске алууга мүмкүнчүлүк түзөт. Бул маселе COVID-19 дүйнөлүк пандемиясына байланыштуу акыркы убактарда өтө курчугандыгын белгилөөбүз керек. Ага карата аткарылып жаткан ЖОЖдордо жана жалпы билим берүүчү мектептерде «Санарип мугалим» долбоору, «Билим Илим», «Баластан» телеканалдары, Zoom, Google Classroom платформалары аркылуу өтүлүп жаткан сабактар, multiurok.ru, www.lib.kg, www.kitep.edu.gov.kg, сайттары, башталгыч класстар үчүн iBilim, «Билим булагы» билим берүүчүлүк сайттарынын жана башка көптөгөн иш-аракеттерди, ошондой эле ар бир мугалимдин бул тармакта жасап жаткан иштерин айтууга болот.

Тогузунчудан, мугалимдин кесиптик жана инсандык жактан өнүгүүсү үчүн анын *өзүн-өзү актуалдаштырууга умтулуусу* өзгөчө мааниге ээ. Азыркы мезгилде өзүн-өзү өстүрүү, өзүн-өзү жакшыртуу, өзүнөзү турмуштан ордун таптыруу маселелеринин актуалдуулугу мурдагыдан да жогору мааниге ээ болууда. (Мисалы, ар кыл өзүн таануу, мотивация берүү курстары аркылуу өзүн-өзү өстүрүү аракеттери). Студенттерди педагогикалык ЖОЖдо даярдоо алардын жеке турмуштук мазмунун ишке ашыруунун жолу катары каралышы керек. Окутуунун эффективдүүлүгү студенттин инсандык мазмунунун анын окууга болгон мотивациясы менен байланышта болушу аркылуу артарын түшүнүү зарыл. Андыктан кесиптик педагогикалык жактан даярдоо процессинде студенттин өзүн-өзү актуалдаштыруусуна колдоо көрсөтүүгө багытталган максаттуу аракеттерди жүргүзүү керек.

Аталган талаптарга болочок мугалимдин компетенттүүлүгүн калыптандырууга жана өнүктүрүүгө багытталган **педагогикалык билим берүүнүн компетенттик парадигмасын** ишке ашыруунун алкагында ылайык келүүгө мүмкүн. [3, 126-б.] Себеби "компетенттүүлүк мамиленин максаттуу мазмуну мугалимдин ар кандай кесиптик, этикалык, коммуникациялык жана башка маселелерди чечүүгө даярдыгын жана жөндөмдүүлүгүн билдирет деп айтууга болот" [18, 46-б.].

**Адабияттар:**


1. Дюшеева Н.К. Формирование будущего учителя новой формации в вузе / Н.К. Дюшеева. [Электронный ресурс] Режим доступа: www. http://libraryiksu. kg/public/ assets/upload/vestnik/1383_IGU_DUSHEEVA_2011-30.pdf 5e c 361 c 334ba7.pdf
2. Бекбоев И.Б. Педагогикалык процесс: эски көнүмүштөр жана жаңычыл көз караштар. [Текст] / И.Б. Бекбоев. - Б., 2006. - 290 б.
3. Асипова Н.А. Заманбап билим берүү парадигмалары. [Текст]: ЖОЖдордун педагогика багытындагы магистратура, аспирантура жана докторантура деңгээлиндеги студенттер үчүн окуу куралы. / Н.А. Асипова. - Б.: 2019. – 362 б.
4. Рысбаев С.К. Мугалимдин анты. [Текст] / С.К. Рысбаев. // «Мугалим» илимий-педагогикалык журналы. - Б., 2016. – №15. – 80 б.
5. Калдыбаева А.Т. Педагогикалык чеберчиликтин негиздери. [Текст]: Жогорку жана орто кесиптик окуу жайларынын студенттери жана мектеп мугалимдери учун окуу куралы. / А.Т. Калдыбаева, Н.К. Койлубаева, Т.М. Бектурова ж.б. - Б., 2019. - 262 б.
6. Калдыбаев С. Непрерывное образование как условие развития современного общества/ С.Калдыбаев // Alatoo Academic Studies. - Бишкек, 2016. - №3. - С.343-349.
7. Сулайманова Р.Т. Компетентностный подход как основа новой парадигмы образования [Текст] / Р.Т. Сулайманова//Alatoo Academic Studies. - Б., 2019. - №4. - С. 41-47.
8. Молдосанов У.Н. Влияние цифровизации страны на систему образования (на примере дистанционных образовательных технологий) / У.Н. Молдосанов // Научные исследования в Кыргызской Республике. - Б., 2019. Т.4. - С. 192-197. [Электронный ресурс] Режим доступа: www.http://journal.vak.kg/wp-content/uploads/2020/ 08/St.-Moldosanova.pdf
9. Калдыбаев С. Непрерывное образование как условие развития современного общества/С.Калдыбаев. / Alatoo Academic Studies. - Бишкек, 2016. - №3. - С. 343-349.